**«BAKAI Элкарт+ менен ар дайым пайдалуу»**
**АКЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул «BAKAI Элкарт+ менен ар дайым пайдалуу» акциясын өткөрүү эрежелери (мындан ары – Эрежелер) аны өткөрүүнүн тартибин, катышуу шарттарын, байге фондун, жеңүүчүлөргө утуштарды берүүнүн тартибин жана шарттарын, ошондой эле Акциянын башка олуттуу шарттарын аныктайт.

1.2. "БАКАЙ БАНК" ААК (мындан ары – Банк) «BAKAI Элкарт+ менен ар дайым пайдалуу» акциясынын (мындан ары – Акция) уюштуруучусу болуп саналат.

1.3. "Банктар аралык Процессинг Борбору" ЖАК Акциянын тең уюштуруучусу (мындан ары – Тең уюштуруучу) болуп саналат.

1.4. Акция 2026-жылдын 13-июлунан баштап 2026-жылдын 31-августуна чейин (кошко алганда) уланат.

1.5. Банк Акцияны өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүгө (токтотууга же узартууга) укуктуу. Банк мөөнөтү өзгөргөн учурда Банктын www.bakai.kg расмий сайты (мындан ары – Банктын расмий сайты") аркылуу кардарларга билдирет.

1.6. Акция дем берүүчү лотерея болуп саналбайт. Жеңүүчүлөрдү аныктоодо кокустук принциби колдонулбайт (жеңүүчүнү тандай турган атайын алгоритм колдонулат).

1.7. Акцияга 16 жашка толгон, "Элкарт +" карталарынын ээлери болуп саналган жеке адамдар (Кыргыз Республикасынын резиденти жана резидент эместери) катыша алышат.

1.1. **Акцияга төмөнкүлөр катыша алышпайт:**

- Банктын жогорку кызмат адамдары, кызматкерлери, Банкка жарандык-укуктук келишимдердин негизинде кызмат көрсөтүүчү адамдар (промоутерлер дагы), ошондой эле алардын жакын туугандары, жубайлары, балдары, ата-энелери жана бир туугандары.
- «БАКАЙ БАНК» ААК менен аффилирленген жана байланышкан уюмдардын кызмат адамдары жана кызматкерлери;
- «БАКАЙ БАНК» ААКтын POS-терминалдарын колдонушкан ишканалардын\дүкөндөрдүн ээлери жана кызматкерлери
- Тең уюштуруучунун кызматкерлери

## 2. ЖАЛПЫ ТЕРМИНОЛОГИЯ

2.1 **Кардар** – Банкка тейлөөгө кабыл алынган же Банктын тейлөөсүндө болгон, Банк аны менен иштиктүү мамиле куруп жаткан же курган жеке адам.

2.2 **Банктык карта** – Банк тарабынан Кардардын атына "Элкарт+" улуттук төлөм системасы тарабынан чыгарылган, товарларды, жумуштарды, жана (же) кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жүргүзүүгө мүмкүндүк берген төлөм карта.

2.3 **POS-терминал** – Банктын төлөм картасын кабыл алуу үчүн арналган түзүлүш, ал түзүлүш аркылуу Акцияда эсепке алынуучу операциялар катталат.

2.4 **BAKAI мобилдик тиркемеси**— Кардарга мобилдик түзүлүш жана\же Интернет тармагы аркылуу банктык жана башка сервистерге жеткилик берүү үчүн, ошондой эле акча каражаттарын тескөө мүмкүндүгүн сунуштоо үчүн арналган Банктын программалык камсыздоосу.

2.5 **Операция** –Катышуучулуардын банктык төлөм карталарын колдонуу менен соо-тейлөө ишканасындагы POS-терминал аркылуу товарлар жана\же кызматтар үчүн нак эмес төлөм жүргүзүү, анын жыйынтыгында акча каражаттары картанын эсебинен чыгарылып, операция банктык системада тастыкталган статуска ээ болот.

2.6 . **Белек** – ушул Эрежелердин шарттарына ылайык, Акциянын жеңүүчүлөрүнө берилчү сыйлык.

2.7 **«Бакай Трэвел Кей Джи» ЖЧК (BAKAI Travel)** — «BAKAI» мобилдик тиркемесинде жеткиликтүү болгон, туристтик жана транспорттук кызматтарды (авиабилеттерди, турларды, автобус билеттерин жана башка кызматтарды) көрсөтүүчү юридикалык жак.

## 2. АКЦИЯГА КАТЫШУУНУН ШАРТТАРЫ

2.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу:

- «БАКАЙ БАНК» ААКтын кардары болуусу керек;
- "МПЦ" ЖАК төлөм системасынын «БАКАЙ БАНК»ААК тарабынан чыгарылган «Элкарт+» банктык картанын ээси болушу керек;
- Акция жүргүзүлгөн мезгил ичинде Банктын POS-терминалы аркылуу «Элкарт+» банктык төлөм картасын колдонуу менен 500 (беш жүз) сом жана андан жогорку суммага нак эмес операцияларды жүргүзүшү керек.

2.2. Ушул Эрежелердин 3.1. пунктунда көрсөтүлгөн шарттар аткарылганда Акцияга катышуу автоматтык түрдө ишке ашырылат. Кошумча каттоо талап кылынбайт.

2.3. Акция жүргүзүлгөн мезгил ичинде Банктын POS-терминалы аркылуу «Элкарт+» банктык төлөм картасын колдонуу менен 500 (беш жүз) сом жана андан жогорку суммадагы товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча нак эмес операцияларды эң көп жүргүзгөн Катышуучу орто аралык жана баш байгелер боюнча жеңүүчү деп табылат.

2.4. Кыргыз Республикасынын аймагында ийгиликтүү жүргүзүлгөн сатып алуулар гана катышат, ал Операциялар боюнча акча каражаттарынын кайтарылышы жана четке кагуу болбоосу шарт.

2.5. Банктык карттар боюнча чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн операциялар Акцияга катышпайт.

## 3. БАЙГЕЛИК ФОНД

3.1. Байге Банктын өнөктөшү BAKAI Travel тарабынан уюштурулган, Кыргызстан боюнча тик учакта учуучу тур болуп саналат.

3.2. Акциянын жыйынтыгы боюнча 5 (беш) жеңүүчү аныкталат, алар ээлеген ордуна жараша тик учакта учуучу тур алышат.

3.3. Баш байге – 1 жеңүүчү (бир коштоочунун катышуу укугу менен) Ала-Арча мөңгүсүнө конуу менен бир күндүк тур алат.

3.4. Кошумча байгелер – 4 жеңүүчү конбостон Ала-Арча Улуттук паркынын үстүнөн учууга бир күндүк тур алышат.

3.5. Турга төмөнкүлөр кирет:

- тик учак менен учууга сертификат;
- профессиялдуу сүрөткө тартуу;
- Ондон ашык жасалган фото сүрөттөр;
- Airbus заманбап вертолетунда учуу;
- учуу алдында инструктаж (брифинг);
- иш-чаранын жүрүшүндө уюштуруучулардын командасынын коштоосу;
- унутулгус эмоциялар жана көз ирмемдер.

3.6. Белектерди берүү датасын Уюштуруучу аныктайт. Жеңүүчүлөргө тапшыруу Акциянын жыйынтыгы боюнча 2026-жылдын сентябрь айынын ичинде ишке ашырылат.

3.7. Ар бир учуу 4 (төрт) жүргүнчүгө эсептелген тик учакта жүргүзүлөт. Уюштуруучу аба ырайынын шарттарын, техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жана учууларды аткаруунун графигин эске алуу менен учуунун датасын жана убактысын аныктайт.

3.8. Байгени акчалай эквиваленткe же башка товарга\кызматка алмаштырууга болбойт.

3.9. Жеңүүчүлөр «БАКАЙ БАНК» автоматташтырылган банк системасынын маалыматтарынын негизинде аныкталат.

3.10. Банктын POS-терминалы аркылуу «Элкарт+» банктык төлөм картасын колдонуу менен товарларды жана кызматтарды төлөө боюнча жүргүзүлгөн операциялардын канчалык көп болуусу жеңүүчүлөрдү аныктоонун негизги критерийи болуп саналат. Бир операция үчүн 500 (беш жүз) сом жана андан жогорку суммадагы операциялар эсепке алынат.

## 4. АКЧАЛАЙ СЫЙЛЫКТАРДЫ ЖАНА БЕЛЕКТЕРДИ АЛУУНУН ТАРТИБИ

5.1 . Банк Акциянын жыйынтыктарын Банктын расмий сайтында Акциянын жыйынтыктары чыгарылчу датага чейин 15 (он беш) календардык күн мурда убакыттан кечиктирбестен жарыялайт.

5.2 Акциянын Жеңүүчүсү деп табылган катышуучуга жыйынтыктар чыгарылгандан кийин 3 (үч) жумуш күндүн ичинде «BAKAI» мобилдик тиркемесине утуш жана байге ыйгаруу жөнүндөгү push-билдирүү жөнөтүлөт. Билдирүүлөр Бишкек убактысы боюнча саат 09:00дөн саат 20:00гө чейин жөнөтүлөт.

5.3 Жеңүүчү аныкталганда push-билдирүү жөнөтүлгөндөн кийин Банктын кызматкери жеңген катышуучуга кошумча маалыматтарды берүү үчүн телефон чалуу жүргүзөт.

5.4 Жеңүүчүгө алгачкы чалуу жүргүзүлгөндөн кийин 3 (үч) календардык күндүн ичинде кеминде 3 (үч) жолу чалуу жүргүзүлөт. Ошол эле учурда Жеңүүчүнүн абоненттин номеринин жеткиликсиз болуусу (мисалы: жеңүүчүнүн мобилдик телефону өчүрүлгөн, тармак тейлеген аймактан тышкары болсо) Уюштуруучу тарабынан кошумча чалуулардын жүргүзүлүшү үчүн негиз боулп саналбайт.

5.5 Жеңүүчү менен белгилүү бир мөөнөттө байланышуу мүмкүн эмес болгон учурда, ал жеңүүчү Белекти алуу укугун жоготот. Банк Катышуучулардын акыркы түзүлгөн тизмесинин жыйынтыктары боюнча аныкталган кезектүүлүк тартипте белекти алуу укугун кийинки катышуучуга өткөрүүгө укуктуу.

5.6 Акциянын алкагында жеңүүчү деп табылган катышуучу белекти алуу үчүн Банкка өздүгүн тастыктоочу төмөнкү документтердин бирин көрсөтүүгө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын жаранынын өздүгүн тастыктоочу кагаз жүзүндөгү документтин түп нускасы же мамлекеттик маалымат системасынан алынган санариптик форматтагы документ
- чет элдик жарандын паспорту.

5.7 Банк жеңүүчүлөргө белектерди тапшырууда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган салыктарды (байгенин наркынын суммасы боюнча жеке адамдардын кирешесинен алынчу салыкты дагы) жана алымдарды өзү төлөйт.

5.8 Байгени алууда Жеңүүчү өзүнүн жеке маалыматтары жана байге, анын КНСти эске алгандагы наркы жөнүндөгү маалыматтар көрсөтүлгөн бардык тиешелүү документтерге кол коюуга милдеттүү.

5.9 Жеңүүчү бардык тиешелүү документтерге кол койгондон кийин гана ага байге берилет.

## 6. КАТЫШУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

6.1 Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн Акциянын шарттары, белектер жөнүндө, катышуу шарттары жөнүндө маалыматтарды алууга;
- Акциянын уюштуруучусу жөнүндө маалыматтарды алууга;
- ушул Эрежелерге ылайык Байгелерди алууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтарынын корголушуна укуктуу;

6.2 Акцияга катышуунун өзү Катышуучу ушул Эрежелер менен таанышып чыккандыгын жана алар менен макул экендигин билдирет.

6.3 Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул Эрежелерде белгиленген бардык шарттарды жана талаптарды сактоого;
- Белек алган учурда аны алгандыгын тастыктоочу бардык тиешелүү документтерге кол коюуга;
- Акциянын калыс жана адилет өтүүсүнө тоскоол болуучу ыкмаларды (чоочун маалыматтарды колдонуу, көп ирет катталуу, тиркемеде бир нече аккаунттан катышуу, байгелерди эрежелерди бузуу менен башка адамдарга берүү) колдонбоого, ушул Эрежелерди айланып өтүүгө багытталган кандай болбосун аракеттерди жасабоого же адилетсиз артыкчылыктарды түзбөөгө.

6.4. Катышуучу фото жана видео тартууларга катышууга, ошондой эле өзүнүн сүрөттөрүнүн Банктын расмий сайтына жана социалдык тармактардагы расмий аккаунттарына жайгаштыруу аркылуу жайылтылышына макул экендигин тастыктайт.

6.5. Акциянын жеңүүчүсү алган белегин башка адамга берүүгө укуктуу. Уюштуруучу жеңүүчүнүн ушундай аракеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## 7. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

7.1 Банк Акция өткөрүүгө, ошондой эле ушул Эрежелерге ылайык Катышуучуларга утуштарды берүүгө милдеттүү.

7.2 . Банк кайсы учурда болбосун Акцянын Эрежелерине өзү каалагандай өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле Акцияны узартуу, токтотуу же Акциянын Эрежелерине өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү маалыматтарды Банктын расмий сайтына жана башка маалыматтык каналдарына жайгаштыруу укугун өзүндө калтырат. Акциянын шарттарына киргизилген бардык өзгөрүүлөр Банктын расмий сайтында жайгаштырылат жана жайгаштырылган датадан баштап 10 (он) жумуш күндүн ичинде күчүнө кирет

7.3 Банк Катышуучулардын, Жеңүүчүлөрдүн маалыматтарын толтуруу үчүн керектүү болгон, ушул Эрежелерде каралган керектүү маалыматтарды жана документтерди Катышуучулардан суроого укуктуу.

7.4 Банк колдонулбаган Байгелерди Акциянын катышуучуларын бөлүштүрүүгө же аларды өзү каалагандай башкача пайдаланууга укуктуу.

7.5 Банк төмөнкү учурларда Жеңүүчүгө Байгени берүүдөн баш тартууга жана\же кабарлабастан туруп, Жеңүүчүнү Акциядан чыгарууга укуктуу:

– утуш жөнүндө билдирилген учурдан баштап 5 (беш) жумуш күндүн ичинде жеңүүчү Банкка кайрылбаса;
– жеңүүчү ушул Эрежелердин 5.6. пунктунда көрсөтүлгөн документтерди утуш тууралуу жарыяланган учурдан баштап 5 (беш) календардык күндүн ичинде бербесе, же берилген документтер ушул Эрежелердин жана\же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык келбесе;
– утуш тууралуу билирдилген учурдан баштап 3 (үч) календардык күндүн ичинде Жеңүүчү менен байланышуу мүмкүн эмес болсо (абоненттик номери бөгөттөлгөн, тармак тейлеген аймактан тышкары болсо, Жеңүүүчү чалууларга жооп бербесе\ Банктан көз карандысыз болгон себептер менен байланышка чыкпаса);
– Катышуучу же Жеңүүчү Акциянын шарттарын бузган учурлар аныкталса;
– Жеңүүчү ушул Эрежелерде каралган талаптарды жана шарттарды аткарбаган болсо;
– Катышуучу Байгени мыйзамсыз жол менен алуу үчүн алдамчылык аракеттерди жасагандыгы боюнча негиздүү шектенүүлөр бар болсо;

## 8. ЭСКЕРТҮҮ

8.1 Эки же андан көп Катышуучу Жеңүүчү деп табылган учурда, Акциянын шарттарына ылайык, убактысы боюнча башкалардан мурдараак эң биринчи операцияны жүргүзгөн катышуучу Жеңүүчү деп табылат.

8.2 Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:

– Катышуучулар Банктын расмий сайтында жайгаштырылган Жеңүүчүлөрдүн тизмеси менен тааныша албай калышкандыгы үчүн;
– Катышуучу ушул Эрежелерде каралган талаптарды аткарбагандыгы (өз учурунда аткарбагандыгы) үчүн;
– Белек талап кылынбаган же баш тартылган учурда Акциянын Жеңүүчүсү белекти албай калгандыгы үчүн;
– үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча жана\же каршы тура алгыс күчтөрдүн (форс-мажор) айынан Жеңүүчүгө байгени тапшыруу мүмкүн эмес болгондугу үчүн;
– Акциянын катышуучусу каттоо маалыматтарында көрсөткөн маалыматтардын, байланыш маалыматтардын жана башка маалыматтардын туура эмес же толук эмес болгондугу үчүн;
– байланыш маалыматтары боюнча Акциянын Катышуучусу менен байланышууга, же берилген маалыматты Акциянын максатында же Белекти берүү үчүн пайдаланууга мүмкүн эмес болгондугу үчүн, ошондой эле Банктан көз карандысыз болгон башка себептер үчүн;
– Белек Жеңүүчү күткөндөй болбогондугу үчүн (тышкы көрүнүшү, функционалдуулугу, комплектациясы жана баша субъективдүү мүнөздөлүштөрү).